| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙЫЛ ЧАРБА, ТАМАК-АШ ӨНӨР ЖАЙЫ ЖАНА МЕЛИОРАЦИЯ МИНИСТРЛИГИ** | | **МИНИСТЕРСТВО СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА, ПИЩЕВОЙ ПРОМЫШЛЕННОСТИ И МЕЛИОРАЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

5 октября 2020-ж. № 2-рп Бишкек ш.

**Об утверждении некоторых нормативных правовых актов в сфере сельскохозяйственного органического производства**

В целях исполнения Закона Кыргызской Республики «Об органическом сельскохозяйственном производстве в Кыргызской Республике” и руководствуясь Постановлением Правительства Кыргызской Республики “О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Правительства Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления” от 15 сентября 2014 года № 530” приказываю:

1. Утвердить:

1) Правила перехода от традиционного сельскохозяйственного производства к органическому ведению сельского хозяйства, согласно приложению 1;

2) Правила ведения Реестра производителей органической сельскохозяйственной продукции согласно приложению 2.

2. Департаменту органического сельского хозяйства Министерства сельского хозяйства, пищевой промышленности и мелиорации Кыргызской Республики:

- в течение трех рабочих дней со дня регистрации опубликовать настоящий приказ на государственном и официальном языках в источниках официального опубликования и на официальном веб-сайте Правительства Кыргызской Республики и Министерства сельского хозяйства, пищевой промышленности и мелиорации Кыргызской Республики;

- в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить настоящий приказ в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов;

- копию настоящего приказа в установленном порядке направить в Аппарат Правительства Кыргызской Республики.

3. Настоящий приказ вступает в силу по истечении 15 дней со дня официального опубликования.

4. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра сельского хозяйства, пищевой промышленности и мелиорации Кыргызской Республики Керималиева Ж.К.

**Министр** **Э.Чодуев**

# СПРАВКА–ОБОСНОВАНИЕ

**к проекту приказа Министерства сельского хозяйства, пищевой промышленности и мелиорации Кыргызской Республики «Об утверждении некоторых нормативных правовых актов в сфере сельскохозяйственного органического производства»**

## 1. Цель и задачи

Настоящий проект приказа разработан в целях реализации Закона Кыргызской Республики “Об органическом сельскохозяйственном производстве в Кыргызской Республике”.

## 2. Описательная часть

В соответствии со статьей 5 Закона Кыргызской Республики “Об органическом сельскохозяйственном производстве в Кыргызской Республике условия перехода от традиционного сельскохозяйственного производства к органическому ведению сельского хозяйства устанавливаются Правительством Кыргызской Республики.

Также согласно статьи 8 указанного Закона реестр производителей органической сельскохозяйственной продукции осуществляется в порядке, установленном Правительством Кыргызской Республики.

В связи с вышеизложенным, постановлением Правительства Кыргызской Республики “О внесении изменений в постановление Правительства Кыргызской Республики “О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Правительства Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления” от 15 сентября 2014 года № 530” от 9 июля 2020 года №371, нормотворческие полномочия по утверждению вышеуказанных подзаконных актов были делегированы Министерству сельского хозяйства, пищевой промышленности и мелиорации Кыргызской Республики. В связи с чем, разработанные проекты правил разработаны с учетом вышеуказанного Закона КР, Кодекса Алиментариуса, Руководство для производства, переработки, маркировки и продажи органических продуктов (CAC/GL 32-1999), Межгосударственного стандарта продукция органического производства, ГОСТ 33980-2016 одобренного Кыргызской Республикой.

## 3. Прогнозы возможных социальных, экономических, правовых, правозащитных, гендерных, экологических, коррупционных последствий

Принятие данного проекта приказа негативных социальных, экономических, правовых, правозащитных, гендерных, экологических, коррупционных последствий не повлечет.

### 4. Информация о результатах общественного обсуждения

Настоящий проект приказа размещен на сайтах Правительства Кыргызской Республики и Министерства сельского хозяйства, пищевой промышленности и мелиорации Кыргызской Республики для общественного обсуждения.

### 5. Анализ соответствия проекта законодательству

Представленный проект приказа не противоречит нормам действующего законодательства, а также вступившим в установленном порядке в силу международных договорам, участницей которых является Кыргызская Республика.

### 6. Информация о необходимости финансирования

Принятие настоящего проекта приказа не повлечет дополнительных финансовых затрат из республиканского бюджета.

### 7. Информация об анализе регулятивного воздействия

Представленный проект приказа не требует проведения анализа регулятивного воздействия.

В связи с вышеизложенным, вносится на рассмотрение проект приказа Министерства сельского хозяйства, пищевой промышленности и мелиорации Кыргызской Республики «Об утверждении некоторых нормативных правовых актов в сфере сельскохозяйственного органического производства».

**Министр** **Э.Чодуев**

Приложение 1

**Правила перехода от традиционного сельскохозяйственного производства к органическому ведению сельского хозяйства**

Настоящие Правила перехода от традиционного сельскохозяйственного производства к органическому ведению сельского хозяйства (далее – Правила) разработаны в соответствии с частью 1 статьи 5 Закона Кыргызской Республики «Об органическом сельскохозяйственном производстве в Кыргызской Республике» (далее – Закон) и определяют порядок перехода от традиционного сельскохозяйственного производства к органическому ведению сельского хозяйства.

## Глава 1. Основные понятия и определения

1) **органическое растениеводство** - производство сельскохозяйственных культур, с использованием методов обработки почвы направленные на сохранение ее естественного плодородия, с использованием специальных севооборотов с возделыванием бобовых и других сидеральных культур, с применением органических удобрений прошедшие стадию компостирования или анаэробной ферментации, а также без использования синтетических удобрений, пестицидов и регуляторов роста растений;

2) **органическое животноводство** – выращивание пород или видов животных полученных от родителей, выведенных в условиях органического производства или прошедшие переходный период, в течении которого применялись правила органического производства, способных адаптироваться к местным условиям, устойчивых к заболеваниям.

3) **хозяйствующие субьекты по органическому производству** – производственные единицы, территория, земельные и рыбоводные участки, пруды пастбища, помещения, хранилища, технические средства используемые продукты растениеводства и животноводства продукты для органического производства;

4) **переходный период (конверсия)** – промежуток времени необходимый для перехода к органическому способу ведения хозяйства, в ходе которого применяются требования, установленные для органического производства.

5) **органическое сырье** - сырье полученное в соответствии с правилами органического производства, без применения пестицидов и других средств защиты растений, химических удобрений, стимуляторов роста и откорма животных, антибиотиков, гормональных и ветеринарных препаратов, генетически модифицированных организмов и не подвергнутых обработке с использованием ионизирующего излучения, и не содержащего в своем составе остатков запрещенных и вредных веществ, а также продуктов их переработки

6) **традиционное сельскохозяйственное производство** – деятельность по производству сельскохозяйственной продукции, без разграничения на органическую и неорганическую сельскохозяйственную продукцию;

7) **переходный период от традиционного сельскохозяйственного производства к органическому ведению сельского хозяйства** - определенный промежуток времени, необходимый для перехода на производство органической сельскохозяйственной продукции.

Настоящие Правила распространяются на физических или юридических лиц, осуществляющих деятельность по производству органической сельскохозяйственной продукции.

## Глава 2. Общие правила перехода от традиционного к органическому сельскохозяйственному производству

1. Общие правила перехода к органическому сельскохозяйственному производству

2. Переходный период позволяет применить на практике систему органического управления и подготовить здоровую и плодородную почву.

3. Все операции, производимые во время переходного периода, должны отвечать требованиям органического сельскохозяйственного производства в соответствии с законодательством Кыргызской Республики в сфере органического сельскохозяйственного производства, правилам установленным вступившими в установленном порядке в силу международными договорами, участницей которых является Кыргызская Республика, общепризнанным принципам, стандартам (далее – Стандарты) а также настоящему правилу.

4. Период перехода может начаться только после помещения производственной единицы в систему контроля и после того, как она приступила к выполнению настоящего правила и требований органического сельскохозяйственного производства согласно законодательства Кыргызской Республики в сфере органического сельскохозяйственного производства, Стандартов, путем заключения договора с органом по сертификации.

5. В случаях, когда целое фермерское хозяйство не переходит одновременно на органическое производство, данный процесс осуществляется постепенно, применяя на пригодных землях фермерского хозяйства с самой начальной стадии переходного периода требования органического сельскохозяйственного производства согласно законодательства Кыргызской Республики в сфере органического сельскохозяйственного производства, Стандартам, а также настоящему правилу.

6. При частичном ведении органического сельскохозяйственного производства, хранение продукции органического производства и продукции, произведенной в переходный период, а также содержание животных и выращивание растений должны осуществляться раздельно.

7. Части хозяйства в переходном периоде, а также площади, предназначенные для органического производства, не должны меняться (перемещаться с места на место) между органическими и традиционными методами производства.

## Глава 3. Правила перехода к органическому сельскохозяйственному производству для растениеводства

1. Требования, изложенные в настоящих правилах, должны будут применяться на участках, хозяйствующих субъектов в течение периода перехода к органическому сельскохозяйственному производству.

2. Период перехода от традиционного к органическому сельскохозяйственному производству должен начаться:

1) за два года до посева или посадки (для однолетних растений);

2) за два года до выпаса скота или сбора урожая на пастбищных угодьях или лугах для использования в качестве органических кормов;

3) за три года до сбора урожая органических продуктов, (для многолетних растений, кроме кормовых растений).

3. Период, непосредственно предшествующий дате начала переходного периода, который должен быть равным или превышать 12 месяцев, может быть включен в переходный период в следующих случаях:

1) если к земельным участкам применялись меры, разрешенные в органическом производстве и исключающие использование на этих земельных участках средств и веществ, запрещенных в органическом производстве.

2) земельные участки не обрабатывались средствами и веществами, запрещенными в органическом производстве, в течение не менее двух лет или более.

4. Для земельных участков, переведенных на органическое производство или находящихся в процессе перехода на органическое производство, на которых были применены средства или вещества, не разрешенные к использованию в органическом производстве, должен быть опять устанавливается начало переходного периода, предусмотренный настоящими правилами, начиная с момента применения средств или веществ, не разрешенных к использованию в органическом производстве.

5. Продукты растениеводства могут использоваться или продаваться как «находящиеся в стадии перехода к органическому производству» только при условии, что с момента начала переходного периода прошло не менее 1 года.

## Глава 4. Правила перехода к органическому сельскохозяйственному производству для животноводства

1. Создание органической системы животноводства требует промежуточного переходного периода. Системы животноводства, переходящие от традиционного к органическому производству, требуют переходного периода для разработки моделей естественного поведения, выработки иммунитета и приведения в норму обмена веществ (метаболических функций).

2. Орган по сертификации сокращает сроки переходного периода или условия, установленные для землепользования, скота и продуктов животноводства в следующих случаях:

1) для пастбищ и открытых зон, которые используют для выгула не травоядных животных, переходный период может быть сокращен до одного

года;

2) если соответствующие площади не обрабатывались в предыдущем году веществами, не разрешенными к применению в органическом производстве, переходный период для таких площадей может быть сокращен до шести месяцев;

3) для крупного рогатого скота, лошадей, овец и коз, поступающих из крупного животноводческого комплекса в течение периода реализации, установленного органом сертификации, или молочного стада, переводимого в первый раз;

4) если происходит одновременный переход скота и производственного объекта, используемого только для выпаса внутри одной единицы хозяйства, период перехода для скота, пастбищепользования и / или землепользования, используемой для выпаса скота, может быть сокращен до двух лет только при условии, что существующий скот и их потомство кормятся лишь продуктами данной единицы хозяйства.

3. Все требования настоящего правила и органического сельскохозяйственного производства согласно законодательства Кыргызской Республики в сфере органического сельскохозяйственного производства стандартов, касающиеся способа землепользования и животных, должны быть выполнены в течение переходного периода до того момента, как конечный продукт может рассматриваться как органический. Производственный объект и животные могут переходит в статус «органических» одновременно.

4. Продолжительность переходного периода в животноводстве составляет:

1) Крупный рогатый скот и лошади:

- для производства мясных продуктов: 12 месяцев и не менее 3⁄4 их жизненного цикла должны пройти в органической системе управления;
- телята для производства мяса: 6 месяцев, после их доставки, как только отлучают от матери, в возрасте до 6 месяцев;
- для производства молочных продуктов: 90 дней в течение периода реализации, установленного компетентным органом, после этого шесть месяцев.

2) Козы и овцы:

- для производства мясных продуктов: шесть месяцев;
- для производства молочных продуктов: 90 дней в течение периода реализации, установленного компетентным органом, после этого шесть месяцев.

3) для производства мясных продуктов из свиньи : шесть месяцев.

4) Птицы / несушки:

- для производства мясных продуктов: 12 недель, при приобретении

этой птицы в возрасте до трех дней.

- для производства яиц: шесть недель.

5. Животные, находящиеся в хозяйствующих субъектах на момент начала переходного периода, а также продукция животноводства от таких животных могут быть переведены в категорию органического производства после прохождения переходного периода в соответствии с пунктом 4 настоящего правила.

6. Продукция, полученная от животных, может быть отнесена к органической в случае одновременного перехода к органическому ведению хозяйства всего производства, в том числе животноводства, пастбищ и (или) любых земельных участков, которые используют для кормления животных.

7. Общий срок переходного периода, как для имеющихся животных, так и для их потомства, пастбищ и (или) земельных участков, которые используют для кормления животных, может быть сокращен до 24 месяцев, если животных кормят преимущественно продуктами собственного производства.

## Глава 5. Правила перехода к органическому производству для пчеловодства

1. Продукты пчеловодства могут продаваться как органически произведенные, если соблюдались настоящие правила и правила/ стандарт органического производства не менее одного года.

2. При выборе пород необходимо учитывать способность пчел адаптироваться к местным условиям, их жизнеспособность и устойчивость к болезням.

3. Переходный период для пасек не применяют в случае использования в органическом пчеловодстве пчел, не удовлетворяющих требованиям к органическому производству т.е. при разведении пчелиных семей на органических пасеках допускается ежегодная подсадка 10% пчелиных маток и отводков (роев), не отвечающих требованиям настоящих правил и правил/стандарта органического производства, если их подсадку осуществляют на соты, произведенные органическим способом..

4. Во время переходного периода соты в семьях и воск, используемый на всех стадиях производства продуктов пчеловодства, должны быть заменены на соты и воск, произведенные органическим способом. Если в улье ранее не использовались запрещенные продукты, замена воска не требуется.

5. В случае, когда все соты и воск невозможно заменить в течение одного года, переходный период должен быть продлен до окончания срока, необходимого для их полной замены. В порядке отступления, когда пчелиный воск органического производства недоступен, воск из источников, не соответствующих этому стандарту, может быть разрешен уполномоченным органом или органом по сертификации при условии, что он поступает из запечатанных ячеек или из мест, где не использовались запрещенные материалы.

## Глава 6. Продолжительность переходного периода в аквакультуре

1. Продолжительность переходного периода, в течение которого применяют правила органического сельскохозяйственного производства а также, в соответствующих случаях, исключения из правил органического производства, составляет:

- 12 месяцев - при выращивании осетровых рыб с целью получения пищевой икры;

- 6 месяцев - при выращивании осетровых рыб с целью получения продукции аквакультуры, кроме пищевой икры;

- 4 месяцев - при выращивании рыб (кроме осетровых рыб), беспозвоночных и водорослей.

**Глава 7. Маркировка продуктов на стадии перехода**

1.Продукты, находящиеся на стадии перехода в органические, могут быть маркированы как «продукт находится на стадии перехода в систему органического производства» при условии, что:

1) производитель был зачислен в программу сертификации, и что производство или переработка проводились в соответствии с настоящими правилами и Стандартами в течение предшествующих двенадцати месяцев;

2) маркировка включает в себя ссылку «продукт находится на стадии перехода в систему органического производства» или аналогичное утверждение в цвете, размере и стиле надписи, которое является не более заметным, чем описание продукта для продажи; список ингредиентов должен быть в порядке убывания по количеству и указывать, какие из его ингредиентов являются «на стадии перехода в систему органического производства».

2. Маркировка отражает название и/или номер кода официально признанного органа сертификации.

3. Государственный логотип для органической продукции может быть включен в ярлыки или заявки, которые сопровождают органические продукты, при условии, что он:

1) не используется для продуктов, находящихся в переходном периоде;

2) он используется для продуктов, маркированных как «органический» или «органические продукты», но не для продуктов, маркированных как «сделанные из органических продуктов».

Приложение 2

# Правила ведения Реестра производителей органической сельскохозяйственной продукции

## Глава 1. Общие положения

1. Настоящие правила устанавливают порядок ведения государственного реестра производителей органической сельскохозяйственной продукции (далее по тексту - Реестр) в соответствии с требованиями статьи 8 Закона Кыргызской Республики «Об органическом сельскохозяйственном производстве в Кыргызской Республике».

2. Реестр представляет собой информационную систему, содержащую данные о производителях (операторах) производства и видах органической продукции, которые они производят, перерабатывают или продают.

3. Реестр создан с целью бесплатного информирования потребителей и других заинтересованных сторон.

## Глава 2 . Порядок ведения Реестра производителей органической сельскохозяйственной продукции

1. Уполномоченный орган в сфере органического сельскохозяйственного производства ведет реестр путем включения записей в реестр на основе данных, предоставленных органами по сертификации.

2. Реестр должен быть доступен для общественности и ежегодно опубликован на веб-сайте уполномоченного органа в сфере сельского хозяйства.

3. Органы по сертификации в течение 10 рабочих дней с даты заключения договора о выдаче сертификата об органическом соответствии представляют в уполномоченный орган в сфере органического сельскохозяйственного производства информацию в соответствии с пунктом 5 настоящих Правил.

4. После получения данных от органов по сертификации уполномоченный орган в сфере органического сельскохозяйственного производства публикует данные на веб-сайте уполномоченного органа в сфере сельского хозяйства в течение 5 рабочих дней.

5. Запись в реестре о государственной регистрации производителя органической сельскохозяйственной продукции должна содержать следующую информацию:

1) полное и сокращенное (при наличии) имя, название предприятия, основной государственный регистрационный номер и дату внесения в единый государственный реестр юридических лиц записей о создании

юридического лица, идентификационный номер налогоплательщика (для юридических лиц - операторов);

2) фамилия, имя, отчество (при наличии), идентификационный номер налогоплательщика физического лица – производителя (оператора), основной государственный регистрационный номер и дата внесения в единый государственный реестр индивидуальных предпринимателей, записи о государственной регистрации физического лица в качестве индивидуального предпринимателя (для физических лиц – в качестве операторов, являющихся индивидуальными предпринимателями);

3) адрес места производства, переработки или реализации органических продуктов;

4) виды производимых, перерабатываемых или реализуемых органических продуктов;

5) регистрационный номер сертификата соответствия;

6) дата выдачи, приостановки, прекращения действия сертификата соответствия;

7) срок действия сертификата соответствия;

8) информация об органе сертификации, выдавшем сертификат соответствия:

- полное и сокращенное (при наличии) имя, наименование организации на государственном и официальном языках и местонахождение юридического лица, основной государственный регистрационный номер, дата внесения в единый государственный реестр юридических лиц о создании юридического лица, идентификационный номер налогоплательщика для юридических лиц;

- фамилия, имя, отчество (при наличии) на государственном и официальном языках, основной государственный регистрационный номер и дата внесения в единый государственный реестр индивидуальных предпринимателей записи о государственной регистрации физического лица в качестве индивидуального предпринимателя, идентификационный номер налогоплательщика - для индивидуальных предпринимателей.

6. Уполномоченный орган в сфере органического сельскохозяйственного производства должно обновлять реестр регулярно каждые 6 месяцев.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙЫЛ ЧАРБА, ТАМАК-АШ ӨНӨР ЖАЙЫ ЖАНА МЕЛИОРАЦИЯ МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА, ПИЩЕВОЙ ПРОМЫШЛЕННОСТИ И МЕЛИОРАЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

5-октября 2020-ж. № 2 рп                                                  Бишкек ш.

## Органикалык айыл чарба өндүрүш тармагына тиешелүү айрым ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө

«Кыргыз Республикасындагы органикалык айыл чарба өндүрүшү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын мыйзамын аткаруу максатында, ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн белгилүү бир ченемдик эрежелерди иштеп чыгуу жаатындагы ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана өзүн-өзү башкаруунун аткаруу органдарына ыйгарып берүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 15-сентябрында кабыл алынган №530-токтомун жетекчиликке алуу менен буйрук кылам:

1. Бекитилсин:

1) Салттуу айыл чарба өндүрүшүнөн органикалык айыл чарбасын жүргүзүүгө өтүүнүн эрежелери 1-тиркемеге ылайык;

2) Органикалык айыл чарба продукциясын өндүрүүчүлөрдүн реестрин түзүү эрежелери 2-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинин Органикалык айыл чарба департаментине:

– каттоодон өткөндөн кийин үч жумуш күндүн аралыгында бул буйрукту мамлекеттик жана расмий тилдерде расмий булактарда жарыялансын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинин расмий вебсайтына жайгаштырылсын;

– расмий түрдө жарык көргөндөн кийин үч жумуш күндүн аралыгында бул буйрукту ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүүсү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн;

– бул буйруктун көчүрмөсүн белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн аппаратына жөнөтүлсүн.

3. Аталган буйрук расмий түрдө жарыялангандан кийин 15 күн өткөн соң күчүнө кирет.

4. Аталган буйрукту аткарууга көзөмөл жүргүзүү милдети Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министринин орун басары Ж.К. Керималиевага жүктөлсүн.

**Министр** **Э.Чодуев**

**Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинин «Органикалык айыл чарба өндүрүш тармагына тиешелүү айрым ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндөгү» буйругунун долбооруна**

## МААЛЫМКАТ–НЕГИЗДЕМЕ

1. **Максаты жана милдеттери**

Бул буйруктун долбоору «Кыргыз Республикасындагы органикалык айыл чарба өндүрүшү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын мыйзамын жүзөгө ашыруу максатында иштелип чыккан.

2. **Баяндоо бөлүгү**

«Кыргыз Республикасындагы органикалык айыл чарба өндүрүшү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 5-беренесине ылайык салттуу айыл чарба өндүрүшүнөн органикалык айыл чарбасын жүргүзүүгө өтүүнүн шарттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Аталган мыйзамдын 8-беренесине ылайык органикалык айыл чарба продукциясын өндүрүүчүлөрдүн реестри Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

Жогоруда сөз кылынган маселеге байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 15-сентябрындагы «Белгилүү бир ченемдик эрежелерди иштеп чыгуу жаатындагы ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана өзүн-өзү башкаруунун аткаруу органдарына ыйгарып берүү жөнүндөгү» №530-токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 9-июлунда кабыл алынган №371-токтомунун негизинде жогоруда аталган мыйзамдык актыларды бекитүү боюнча ченемдик эрежелерди түзүү жаатындагы ыйгарым укугу Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигине өткөрүлүп берилет. Мунун негизинде, иштелип чыккан эрежелердин долбоору жогоруда аталган Кыргыз Республикасынын мыйзамын, Алиментариус кодексин, Органикалык продукцияны өндүрүү, кайра иштетүү, маркалоо жана сатуу боюнча колдонмону (CAC/GL 32-1999), Органикалык өндүрүш продукциясынын мамлекеттер аралык стандартын, Кыргыз Республикасы тарабынан бекитилген ГОСТ 33980-2016 эске алуу менен түзүлөт.

**3. Мүмкүн болгон социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, коррупциялык натыйжалардын болжолдоолору**

Бул буйруктун долбоорун кабыл алуу терс таасирдеги социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык жана коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

Бул буйруктун долбоору коомдук талкуу жүргүзүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинин сайттарына жайгаштырылат.

**5. Буйрук долбоорунун мыйзамга дал келүүсүн талдоо**

Сунушталып жаткан буйруктун долбоору азыркы учурда күчүндөгү мыйзам ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу мүчө катары кабыл алган жана белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылчылыгы жөнүндө маалымат**

Бул буйруктун долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарга дуушарлантпайт.

**7. Регулятивдүү таасирди талдоо тууралуу маалымат**

Сунушталып жаткан буйруктун долбоору регулятивдүү таасири боюнча анализ жүргүзүүнү талап кылбайт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинин «Органикалык айыл чарба өндүрүш тармагына тиешелүү айрым ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндөгү» буйругунун долбоору кароого сунушталат.

**Министр** **Э.Чодуев**

1-тиркеме

## Салттуу айыл чарба өндүрүшүнөн органикалык айыл чарбасын жүргүзүүгө өтүүнүн эрежелери

Салттуу айыл чарба өндүрүшүнөн органикалык айыл чарбасын жүргүзүүгө өтүүнүн сунушталып жаткан эрежелери (мындан ары Эрежелер деп аталат) «Кыргыз Республикасындагы органикалык айыл чарба өндүрүшү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 5-беренесинин биринчи бөлүгүнө (мындан ары Мыйзам деп аталат) ылайык иштелип чыккан, анда салттуу айыл чарба өндүрүшүнөн органикалык айыл чарбасын жүргүзүүгө өтүүнүн тартиби аныкталат.

### 1-бөлүм. Негизги түшүнүктөр жана аныктамалар

1) **органикалык дыйканчылык** – жер кыртышынын табигый түшүмдүүлүгүн сактоого багытталган жер иштетүү ыкмаларын, буурчак өсүмдүктөрүн жана башка жашыл кык (сидералдык) өсүмдүктөрүн өстүрүү менен атайын которуштуруп айдоо ыкмасын колдонуу жана компосттоо же анаэробдук ферментация стадиясынан өткөн органикалык жер семирткичтерди пайдалануу, ошол эле убакта синтетикалык жер семирткичтерди, пестициддерди жана өсүмдүктөрдүн өсүшүн жөнгө салгыч регуляторлорду колдонбостон, айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү;

2) **органикалык мал чарбачылык** – органикалык өндүрүштүн талаптарына ылайык кармалган же жергиликтүү шарттарга көнүү жана ооруларга туруштук берүү жөндөмүн арттыра турган органикалык өндүрүштүн эрежелери колдонулган өткөөл мезгилдин шартында багылган тукумдук малдан алынган жаныбарлардын породаларын жана түрлөрүн багып өстүрүү.

3) **органикалык айыл чарба өндүрүшүн жүргүзгөн чарба субъекттери** – органикалык өндүрүштү жүргүзүү максатында пайдаланылган өндүрүштүк бөлүктөр (бирдиктер), территория, жер жана балык өстүрүү участоктору, көлмөлөр, жайыттар, имараттар, сактоочу жайлар, өсүмдүктөрдү жана мал чарба азыктарын өндүрүүдө колдонулган техникалык каражаттар;

4) **өткөөл мезгил (конверсия)** – органикалык өндүрүшкө карата коюлган талаптарды колдонуу аркылуу айыл чарба өндүрүшүн органикалык жолдо жүргүзүүгө өтүү үчүн зарыл болгон убакыттын белгилүү бир аралыгы.

5) **органикалык сырье** – органикалык өндүрүшкө карата коюлган эрежелерге ылайык пестициддер жана өсүмдүктөрдү коргоонун башка каражаттарын, химиялык жер семирткичтерди, малдын өсүшүн жана

семиришин шарттаган стимуляторлорду, антибиотиктерди, гормондук жана ветеринардык препараттарды, гендик-модификацияланган организмдерди пайдаланбастан өндүрүлгөн, ошондой эле иондоочу нурланууну пайдаланып тазалоого дуушар болбогон, курамында тыюу салынган жана зыяндуу заттар менен кайра иштетилген продуктылардын калдыктарын камтыбаган жагдайда өндүрүлгөн сырье.

6) **салттуу айыл чарба өндүрүшү** – айыл чарба азыктарын органикалык жана органикалык эмес катары ажыратып бөлбөй туруп, айыл чарба продукциясын өндүрүү жаатындагы иш;

7) **салттуу айыл чарба өндүрүшүнөн органикалык айыл чарбасын жүргүзүүнүн өткөөл мезгили -** айыл чарба азыктарын органикалык жолдо өндүрүүгө өтүү үчүн талап кылынган убакыттын белгилүү бир аралыгы.

Бул Эрежелер айыл чарба азыктарын органикалык жолдо өндүрүү иши менен алектенген физикалык же юридикалык тараптарга тиешелүү.

## 2-бөлүм. Салттуу айыл чарба өндүрүшүнөн органикалык айыл чарбасын жүргүзүүгө өтүүнүн жалпы эрежелери

1. Органикалык айыл чарба өндүрүшүнө өтүүнүн жалпы эрежелери

2. Өткөөл мезгил органикалык жолдо башкаруу системасын практика жүзүндө колдонууга, ошондой эле таза жана күрдүү топурак кыртышын даярдоого мүмкүндүк түзөт.

3. Өткөөл мезгилде жүргүзүлгөн бардык иш-чаралар Кыргыз Республикасынын органикалык айыл чарба өндүрүшү жаатындагы мыйзамдарына ылайык органикалык айыл чарба өндүрүшүнүн талаптарына жооп берүүгө жана Кыргыз Республикасы катышуучу мүчө катары кабыл алган жана белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде аныкталган эрежелерге, жалпыга таанымал принциптерге, стандарттарга (мындан ары Стандарттар деп аталат), ошондой эле ушул Эрежеге дал келүүгө тийиш.

4. Өткөөл мезгил өндүрүштүк бөлүктү (бирдикти) көзөмөлдөө системасына кошкондон кийин, ошондой эле сертификаттоочу орган менен келишим түзүүнүн натыйжасында ал бөлүк ушул Эрежени жана органикалык айыл чарба өндүрүшүнүн талаптарын Кыргыз Республикасынын органикалык айыл чарба өндүрүшү жаатындагы Стандарттарына ылайык аткарууга киришкенден кийин гана башталышы мүмкүн.

5. Эгерде бүтүндөй фермердик чарба бир эле мезгилде органикалык өндүрүш жүргүзүүгө өтпөсө, анда Кыргыз Республикасынын органикалык айыл чарба өндүрүшү жаатындагы мыйзамдарына, Стандарттарына, ошондой эле ушул Эрежеге таянып, бул процесс өткөөл мезгилдин баштапкы этабынан тартып фермердик чарбанын ылайыктуу жерлерине жайылтылып, акырындык менен жүргүзүлөт.

6. Органикалык айыл чарба өндүрүшүн жарым-жартылай негизде баштаган учурда, өткөөл мезгилде өндүрүлгөн органикалык продукцияны сактоо, ошондой эле малды кармоо жана өсүмдүктөрдү өстүрүү өз-өзүнчө жүргүзүлүшү керек.

7. Өткөөл мезгилде иштетилип жаткан чарба бөлүктөрү, ошондой эле органикалык өндүрүш үчүн арналган талаалар (бир жерден экинчи жерге) которулбоого тийиш, органикалык жана салттуу өндүрүш ыкмалары өзгөрүлбөш керек.

**3-бөлүм. Органикалык айыл чарба өндүрүшүнө өтүүнүн дыйканчылыкка тиешелүү эрежелери**

1. Бул Эрежелерде жазылган талаптар чарба субъекттеринин участокторунда органикалык өндүрүш жүргүзүүгө өтүү мезгилинин бүткүл аралыгында сакталууга тийиш.

2. Салттуу айыл чарба өндүрүшүнөн органикалык айыл чарбасын жүргүзүүгө өтүү мезгили төмөнкүдөй жолдо башталышы керек:

1) (бир жылдык өсүмдүктөр үчүн) айдап себүүдөн же отургузуудан эки жыл мурун;

2) органикалык тоют катары пайдаланылчу жайыттарда же шалбааларда мал жаюудан же түшүмүн жыйноодон эки жыл мурун;

3) (тоют өсүмдүктөрүнөн тышкаркы көп жылдык өсүмдүктөр үчүн) органикалык азыктардын түшүмүн жыйноодон үч жыл мурун.

3. Өткөөл мезгилдин башталыш күнүнүн алдындагы 12 айга барабар же андан узакка созулууга тийиш болгон убакыт төмөнкү учурларда өткөөл мезгилге киргизилиши мүмкүн:

1) эгерде органикалык өндүрүштө уруксат берилген чаралар колдонулуп, бирок ушул жер тилкелеринде органикалык өндүрүштө колдонууга тыюу салынган каражаттар жана заттар пайдаланылбаган болсо.

2) эгерде жер тилкелери органикалык өндүрүштө колдонууга тыюу салынган каражаттар жана заттар менен кеминде эки жыл же андан узагыраак убакыт бою иштетилбесе.

4. Органикалык өндүрүшкө өткөрүлүп берилген же органикалык өндүрүшкө өтүү процессинде болуп, бирок органикалык өндүрүштө колдонууга тыюу салынган каражаттар же заттар колдонулган жер тилкелери үчүн ушул Эрежелерде каралган өткөөл мезгилдин башталышы органикалык өндүрүштө колдонууга уруксат берилбеген каражаттар же заттар колдонулган учурдан тартып, кайрадан белгилениши керек.

5. Эгерде өткөөл мезгил башталгандан бери кеминде бир жыл өтсө гана, өсүмдүк азыктары «органикалык өндүрүшкө өтүү стадиясында өндүрүлгөн» катары колдонулушу же сатылышы мүмкүн.

**4-бөлүм. Органикалык айыл чарба өндүрүшүнө өтүүнүн мал чарбачылыкка тиешелүү эрежелери**

1. Органикалык мал чарбачылык системасын түзүү орто мөөнөттүк өткөөл мезгилди талап кылат. Салттуу өндүрүштөн органикалык өндүрүшкө өтүп жаткан мал чарбачылык системалары малдын табигый жүрүм-турумун калыптандыруу, иммунитетин көтөрүү жана зат алмашуусун (метаболизм функцияларын) нормалдаштыруу үчүн өткөөл мезгил болууга тийиш.

2. Сертификаттоочу орган өткөөл мезгилдин узактыгын же жерди пайдалануу, мал жана мал чарба продуктыларын өндүрүү үчүн белгиленген шарттарды төмөнкү учурларда кыскартат:

1) чөп жебеген мал жайылуучу жайыттар жана ачык жерлер үчүн өткөөл мезгил бир жылга чейин кыскартылышы мүмкүн;

2) эгерде тиешелүү аянттарда мурунку жылы органикалык өндүрүштө колдонууга уруксат берилбеген заттар колдонулбаса, анда мындай жер аянттары үчүн өткөөл мезгил алты айга чейин кыскартылышы мүмкүн;

3) сертификаттоочу орган тарабынан белгиленген шарттарды аткарып жаткан өткөөл мезгил аралыгында ири мал чарба комплексинен келип түшкөн ири мүйүздүү бодо мал, жылкы, кой-эчки же алгачкы жолу өткөрүлүп жаткан саан мал үчүн;

4) бир чарбадагы малды жана ошол эле өндүрүштүк бөлүктүн ичинде багылган малды жаюу үчүн пайдаланылган өндүрүштүк объектти бир эле мезгилде органикалык өндүрүшкө өткөрүү орун алса, аталган чарбада кармалган мал жана алардын тукумдары ушул чарба бирдигинин продукциясы менен тоюттандырылган шартта гана, андагы мал үчүн да, малга жайыт катары пайдаланылуучу жайыт жана/же жер үчүн да өткөөл мезгилдин мөөнөтү эки жылга чейин кыскартылышы мүмкүн.

3. Кыргыз Республикасынын органикалык айыл чарба өндүрүшү жаатындагы мыйзамдарына, жерди пайдалануу жана мал багуу боюнча стандарттарга ылайык, ушул Эрежеге жана органикалык айыл чарба өндүрүшүнө тиешелүү болгон бардык талаптар акыркы продукт органикалык деп эсептелгенге чейинки өткөөл мезгилдин аралыгында аткарылышы керек. Өндүрүш объектиси менен жаныбарлар бир эле учурда «органикалык» деген статуска өтүп калышы мүмкүн.

4. Мал чарбачылыктагы өткөөл мезгилдин узактыгы төмөнкүдөй:

1) Ири мүйүздүү мал жана жылкы:

- эт азыктарын өндүрүүдө: 12 ай жана алардын өндүрүштүк циклинин 3⁄4 кем эмес убактысы органикалык жолдо башкаруу системасына өтүүгө тийиш;

- торпок этинен азыктарды өндүрүүдө: 6 ай, алар туулгандан кийин энесинен ажыратылаар замат, 6 айлык кезинде;

- сүт азыктарын өндүрүүдө: компетенттүү орган тарабынан белгиленген өткөөл мезгилди жүзөгө ашыруу аралыгында 90 күн, андан

кийин 6 ай.

2) Кой-эчки:

- эт азыктарын өндүрүүдө: 6 ай;

- сүт азыктарын өндүрүүдө: компетенттүү орган тарабынан белгиленген өткөөл мезгилди жүзөгө ашыруу аралыгында 90 күн, андан кийин 6 ай.

3) чочко этинен азыктарды өндүрүүдө: 6 ай.

4) Канаттуулар / мекияндар:

- эт азыктарын өндүрүүдө: ошол канаттууну 3 күндүк кезинде сатып алгандан кийин 12 жума.

- жумуртка өндүрүүдө: 6 жума.

5. Ушул Эрежелердин 4-пунктуна ылайык, өткөөл мезгил башталган учурда чарбакер субъекттерде кармалып турган жаныбарлар жана мындай жаныбарлардан алынган мал чарба азыктары өткөөл мезгилди башынан өткөргөн соң органикалык өндүрүш категориясына өткөрүлүшү мүмкүн.

6. Курамында мал чарбачылыгын, малды тоюттандыруу үчүн пайдаланылуучу жайыттарды жана (же) ар кандай жер тилкелерин да камтыган бүтүндөй чарбалык өндүрүш бир эле мезгилде органикалык өндүрүш жүргүзүүгө өткөн учурда, анда багылган малдан өндүрүлгөн продукция органикалык деп саналышы мүмкүн.

7. Эгерде мал негизинен өз өндүрүшүнүн продукциясы менен тоюттандырылса, учурда чарбада кармалган жаныбарлар үчүн да, алардын тукумдары, малды тоюттандыруу үчүн пайдаланылуучу жайыттар жана (же) ар кандай жер тилкелери үчүн да өткөөл мезгилдин жалпы мөөнөтү 24 айга чейин кыскартылышы мүмкүн.

**5-бөлүм. Органикалык айыл чарба өндүрүшүнө өтүүнүн аарычылыкка тиешелүү эрежелери**

1. Эгерде ушул Эрежелер жана органикалык өндүрүш жаатындагы эрежелер/стандарттар бир жылдан кем эмес убакытта сакталып аткарылган болсо, аарычылык өндүрүшүнүн азыктары органикалык жолдо өндүрүлгөн катары сатылышы мүмкүн.

2. Породаларын тандоодо аарылардын жергиликтүү шарттарга ыңгайлашуу мүмкүнчүлүгүн, алардын жашоого ийкемдүүлүгүн жана оорууларга туруштук берүү жөндөмдүүлүгүн эске алуу таап кылынат.

3. Органикалык аары чарбасында аарылар органикалык өндүрүшкө карата коюлган талаптарга жооп бербеген учурда, бал челек турган жерлер үчүн өткөөл мезгил колдонулбайт, б.а. органикалык бал челек колонияларына жыл сайын ушул Эрежелердин жана органикалык өндүрүш стандарттарынын талаптарына жооп бербеген эне аарылардын 10% отургузууга уруксат берилет; мындайча көбөйтүүдө аарылар органикалык уюктарга отургузуу жолу менен өндүрүлгөн болушу керек.

4. Өткөөл мезгилдин аралыгында аарычылык өндүрүшүнүн бардык этаптарында колдонулган аары колониялары жана мом органикалык жол менен өндүрүлгөн уюктарга жана момго алмаштырылууга тийиш. Эгерде тыюу салынган азыктар уюкта мурда колдонулбаса, момду алмаштыруу талап кылынбайт.

5. Бардык уюктарды жана момду бир жылдын ичинде алмаштыруу мүмкүн болбогон учурда, өткөөл мезгил аларды толугу менен алмаштыруу үчүн талап кылынган мөөнөттүн аягына чейин узартылышы керек. Органикалык жол менен өндүрүлгөн аары момун табуу мүмкүн болбой калган жайгдайда, мөөр басылган клеткалардан же тыюу салынган материалдар колдонулбаган жерлерден алынып келинген шартта гана, ушул стандартка туура келбеген булактардан алынган момду колдонууга компетенттүү орган же сертификаттоочу орган тарабынан уруксат бериши мүмкүн.

**6-бөлүм. Аквакультура өндүрүшүндөгү өткөөл мезгилдин узактыгы**

1. Органикалык айыл чарба өндүрүш жаатындагы эрежелер колдонулган жагдайдагы өткөөл мезгилдин узактыгы, ошондой эле тиешелүү учурларда органикалык өндүрүштүн эрежелеринен чыгарып салуу төмөнкүчө жүргүзүлөт:

- 12 ай - тамак-аш икрасын өндүрүү максатында осетр балыктарын өстүрүүдө;
- 6 ай - тамак-аш икрасынан тышкаркы, аквакультура продукциясын өндүрүү максатында осетр балыктарын өстүрүүдө;
- 4 ай - (осетр балыктарынан тышкаркы) балыктарды, омурткасыздарды жана балырларды өстүрүүдө.

**7-бөлүм. Өткөөл мезгил стадиясында азыктарды маркалоо**

1. Органикалык азык статусуна өтүү процессинде өндүрүлгөн азыктарга «продукт органикалык өндүрүш системасына өтүү стадиясында турат» деген маркалоо төмөнкүдөй шартта коюлушу мүмкүн:

1) эгерде өндүрүүчү сертификаттоо программасына киргизилген болсо жана ушул Эрежелер менен Стандарттарга ылайык өндүрүү же кайра иштетүү өткөн он эки айдын ичинде жүргүзүлсө;

2) «продукт органикалык өндүрүш системасына өтүү стадиясында турат» деген маркалоо же ушул сыяктуу билдирүү түсү, көлөмү жана сатыла турган өнүмдүн сыпаттамасынан анча көп байкалбай турган жазуу стили; санынын азаюу тартибинде жазылган ингредиенттердин тизмеси жана азыктын курамындагы кайсы ингредиенттер «органикалык өндүрүш системасына өтүү стадиясында тургандыгы» көрсөтүлгөн маалымдаманы камтыган болсо.

2. Маркалоо расмий түрдө таанылган сертификатточу органдын

аталышын жана/же кодунун номерин чагылдырат.

3. Органикалык продукция үчүн мамлекеттик логотип органикалык продуктыларды коштоочу этикеткаларга же тиркемелерге төмөнкүдөй жагдайда киргизилиши мүмкүн:

1) өткөөл мезгилде өндүрүлүп жаткан азыктар үчүн колдонулбайт;

2) ал «органикалык» же «органикалык продукт» катары маркаланган азыктар үчүн колдонулат, бирок «органикалык продуктылардан жасалган» деп маркаланган азыктар үчүн колдонулбайт.

2-тиркеме

## Органикалык айыл чарба продукциясын өндүрүүчүлөрдүн реестрин түзүүнүн/жүргүзүүнүн эрежелери

### 1-бөлүм. Жалпы жоболор

1. Бул эрежелер «Кыргыз Республикасындагы органикалык айыл чарба өндүрүшү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 8-беренесинин талаптарына ылайык органикалык айыл чарба продукциясын өндүрүүчүлөрдүн мамлекеттик реестрин (мындан ары Реестр деп аталат) түзүү тартибин аныктайт.

2. Реестр өндүрүүчүлөр (өндүрүш операторлору), ошондой эле алар тарабынан өндүрүлгөн, кайра иштетилген жана сатылып өткөрүлгөн органикалык продукциянын түрлөрү жөнүндөгү маалыматтарды камтыган маалымат системасын билдирет.

3. Реестр керектөөчүлөргө жана башка кызыкдар тараптарга акысыз маалымат таркатуу максатында түзүлөт.

### 2-бөлүм. Органикалык айыл чарба продукциясын өндүрүүчүлөрдүн реестрин түзүүнүн/жүргүзүүнүн эрежелери

1. Органикалык айыл чарба өндүрүш тармагындагы ыйгарым укукка ээ болгон орган сертификаттоочу органдар тарабынан сунушталган маалыматтарды реестрге киргизүү аркылуу реестрди түзөт/жүргүзөт.

2. Реестр коомчулуктун колдонуусу үчүн ачык/жеткиликтүү болууга жана айыл чарба өндүрүш тармагындагы ыйгарым укуктуу органдын вебсайтында жыл сайын жарыяланып турууга тийиш.

3. Сертификаттоочу орган органикалык шайкештиги тууралу сертификат (күбөлүк) берилгендигин тастыктаган келишимге кол коюлгандан кийинки 10 жумуш күндүн аралыгында айыл чарба өндүрүш тармагындагы ыйгарым укуктуу органга ушул Эрежелердин 5-беренесине ылайык маалыматтарды жөнөтөт.

4. Сертификаттоочу органдан маалыматтарды алгандан кийинки 5 жумуш күндүн аралыгында айыл чарба өндүрүш тармагындагы ыйгарым укуктуу орган өзүнүн вебсайтына маалыматтарды жарыялап чыгарат.

5. Реестрге киргизилген органикалык айыл чарба продукциясын өндүрүүчү мамлекеттик каттоодон өткөндүгүн чагылдырган жазуу төмөнкү маалыматтарды камтышы зарыл:

1) толук жана (эгер бар болсо) кыскартылган аты, ишкананын аталышы, негизги мамлекеттик каттоо номери жана юридикалык жактын түзүлгөндүгү тууралу маалыматтын юридикалык жактардын бирдиктүү мамлекеттик реестрине киргизилген күнү, салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (юридикалык жактар - өндүрүш операторлору үчүн);

2) фамилиясы, аты, атасынын аты (эгер бар болсо), салык төлөөчү физикалык жактын - өндүрүүчүнүн (оператордун) идентификациялык номери, негизги мамлекеттик каттоо номери жана жеке ишкерлердин бирдиктүү мамлекеттик реестрине киргизилген күнү жана физикалык жактын жеке ишкер катары мамлекеттик каттоодон өткөндүгү тууралу жазуулар (физикалык жактар – операторлор катары алектенген жеке ишкерлер);

3) органикалык азыктарды өндүргөн, кайра иштеткен же сатып өткөргөн өндүрүш ордунун дареги;

4) өндүрүлгөн, кайра иштетилген же сатылып өткөрүлгөн органикалык продукциянын түрлөрү;

5) шайкештик сертификатынын регистрациялык номери;

6) шайкештик сертификатынын берилген, убактылуу күчүнөн кайтарылган же токтотулган күнү;

7) шайкештик сертификатынын жарактуу мөөнөтү;

8) шайкештик сертификатын берген орган жөнүндөгү маалымат:

- толук жана (эгер бар болсо) кыскартылган аты, мамлекеттик жана расмий тилдерде мекеменин аталышы жана юридикалык жактын жайгашкан орду, негизги мамлекеттик каттоо номери жана юридикалык жактын түзүлгөндүгү тууралу маалыматтын юридикалык жактардын бирдиктүү мамлекеттик реестрине киргизилген күнү, салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (юридикалык жактар үчүн);

- фамилиясы, аты, атасынын аты (эгер бар болсо) мамлекеттик жана расмий тилдерде, негизги мамлекеттик каттоо номери жана жеке ишкерлердин бирдиктүү мамлекеттик реестрине киргизилген күнү жана физикалык жактын жеке ишкер катары мамлекеттик каттоодон өткөндүгү тууралу жазуулар, салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (жеке ишкерлер үчүн).

6. Айыл чарба өндүрүш тармагындагы ыйгарым укуктуу орган реестрди 6 айда бир такай жаңыртып турууга тийиш.